Бекболотов Акынбек Улашбековичтин филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 10.01.09. адистиги боюнча “Манас” үчилтигиндеги элдик ынаным-ишенимдер, ырым-жырымдар жана алардын идеялык-көркөмдүк функциясы деген кандидаттык дисертациялык ишине

Жетекчинин пикири

Байыркы кыргыз рухунун энциклопедиясы болуп, “Манас” эпосунун тексттинде чагылдырылган ишенимдер, ырым-жырым маселелери, алардын эпосто аткарган идеялык, көркөмдүк кызматы, функциясы улуттук фольклеристикада системалуу түрдө толук изилдене элек проблемалардын бири. Изденүүчү Акынбек Бекболотовдун ишинин ошол элдик ынаным-ишенимдерге негизделген ырым-жөрөлгөлөр “Манас” эпосунун тексттинде кандай идеялык-көркөмдүк максатта сүрөттөлгөн, кайсыл манасчнын айтуучулук вариянтында канчалык деңгээлде сакталып, учурда алар түпкү маанисинде түшүнүлөбү же өзгөргөн маанидеби же мааниси такыр жоголуп, дээрлик колдонулбай калган түшүнүктөбү деген маселелерди караштырууга арналган.

Диссертация үч главадан жана киришүү, корутунду бөлүктөрдөн турат. Иште манасчылар С. Орозбаков, С. Каралаевден жазылып алынган “Манас” эпосунун тесттери негизги материал катары алынып жана Тоголок Молдо, Багыш Сазанов, Мамбет Чокморов, Шаабай Азизов, Шапак Рысмендеевдин айтуусундагы жана кенже эпостордун варианттарында кездешкен байыркы ынаным-ишенимдерден тамыр алып ырым-жөрөлгөлөрдүн сүрөттөлүш ыкмаларына талдоо жүргүзүп, көркөм табияты, эвалюциясы, окшоштуктары жана айырмачылыктарына анализ жасаган. Кыргыз эпосторундагы ырым жөрөлгөнүн элементтери оозеки тамыры тектеш түрк-монгол элинин тарыхый-этнографиялык материалдары менен салыштырып, кыргыз материалындагы паралель сюжетке, мотивдерге талдоо жүргүзгөн.

Изденүүчү А. Бекболотовдун эмгегин "Манас" эпосунун варианттарында кездешкен ынаным-ишенимдер, ырым-жырымдар баштапкы мифтик түшүнүктөрү жана эпостун сюжеттик тутумундагы идеялык-эстетикалык, семантикасын чечмелөөгө арналып, герменевтикалык багыттагы илимий иш катары баалоого болот.

Илимий ишти жазууда изденүүчү А. Бекболотов теманы ачып берүү үчүн зарыл болгон көркөм тексттин жана илимий-теориялык эмгектерди жетиштүү деңгээлде өздөштүрө алды, илимий-адистик даярдыгын жогорулата алды.

А. Бекболотовдун "Манас" үчилтигиндеги ынаным-ишенимдер, ырым-жырымдар жана алардын идеялык-көркөмдүк функциясы" деген темадагы диссертациялык иши "Манас" эпосун иликтөөгө белгилүү деңгээлде салымын кошо алат деп ишенем. Жазылган эмгек филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга коюлуучу талаптарга жооп берет. Коргоого сунуш кылам.

Илимий жеткечи, академик: А. Акматалиев 17.10.2024.